"Бекитемин"
Мектеп директору: Жанчаров А.
2.09.2022-ж.

Ы. Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемесинин
Насаатчылык боюнча

# Жобосу

1. **Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери**

   **Насаатчылыктын максаты** – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар боюнча мүмкүнчүлүгүн бекемдөө. Насаатчылыктын негизги милдеттери:

   - Жаш адистерди мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынынмыкты салттарын жана ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү.
   - Жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепке алып калуу.
   - Жаш адистин өсүшүн камсыздоо. Тапшырылган милдеттерди өз алдынча сапаттуу жөндөмүн өнүктүрүү.Насаатчынын милдеттери: Билим берүү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистин ээлеген кызматына жараша укук – милдеттерин аныктоочу ченемдик – укуктук актылардын талаптарын билүү.
   - Жаш адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү.
   - Жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу,белгилүү мөөнөтүнө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды берүү.
   - Жаш адиске сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жолдорун өздөштүрүү жагынан көмөктөшүү, ишиндеги күчтүү начар жактарын аныктап тандоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө.
   - Жаш адиске мектеп документтерин (календардык, сабактын күнүмдүк тарбиялык пландарды, окуучулардын, өздүк иштерин, окуу журналын ж.б) тариздөөнү жана жүргүзүүнү үйрөтүү.
   - Кызматка киргизүү (мугалимге коюлуучу негизги талаптар, ички эмгек тартибинин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу).
   - Жаш адистин ишине байланышкан маселелерди талкулоого катышуу.
   - Түзүлгөн планга ылайык иш жүргүзүү, анын аткарылышы тууралуу УБ жетекчисине өз убагында билдирип туруу.Насаатчылыкты уюштуруу, насаатчылык- педагогикалык тажрыйба менен бөлүшүүнүн бир формасы болуп саналат, анын жүрүшүндө ишмердигин жаңы башталган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрөт. Насаатчылыкты уюштуруу – бул жаш адистин кесиптик калыптанышы жана өнүгүшү үчүн тажрыйбалуу педагогдун жеке окутуусунун жана тарбия берүүсүнүн формасы.

2. **Насаатчылар кеңешинин функциялары**.

   1. Насаатчыларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу.
   2. Насаатчылык тажрыйбасын жалпылоо жана жамааттык баа берүү.
   3. Насаатчылардын кесиптик даярдыгын жогорулатууну уюштуруу.
   4. Насаатчылыктын натыйжалуулугу,усулдук иштелмелерди жана сунуштарды даярдоо менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө.

**3. Насаатчылар кеңешинин милдеттери.**

1.Насаатчылар резервин тандоого жана жаратууга катышуу.

2. Насаатчыларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтүү.

3. Насаатчылардын алдыңкы иш тажрыйбасын изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу.

4. Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндөгү отчетторду угу. Насаатчылык ишмердигин жаңы баштаган же колдогоо муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрүү.

**Жаш адис - бул тийиштүү үч жылдан аз убакыт иштеген адис.**

**Директордун окуу – тарбия иштери боюнча орун басары:** Султаналиева Ж.